КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

МЭРИЯ ГОРОДА ОШ

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

20 23 -жылдын " 31 " октября, № 1012

**Ош шаарынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күзгү-кышкы мезгилге даярдоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Ош шаарынын экономика тармактарында жана калк арасында 2023/2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине өз убагында даярдык көрүү жана жылытуу сезонун жогорку деңгээлде өткөрүү максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 44, 45,48-беренелерин, «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, Ош шаарынын мэриясынын Коллегиясы **токтом кылат:**

1. Ош шаарынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күзгү-кышкы мезгилге даярдоо иш-чараларынын аткарылышы жөнүндө Ош шаарынын мэринин орун басары С.К. Джунусбаевдин маалыматы эске алынсын.

2. Ош шаардык жылуулук электр борборуна (Ф.А. Адиев), Оштогу муниципалдык «Жылуулук камсыздоо» ишканасына (Б.А. Эргешов), Ош райондук электр тармактары ишканасына (А.К. Самидинов), Сулайман-Тоо райондук электр тармактары ишканасына (Д.М. Кадырбердиев), Ош шаардык электр энергиясын сатуу мекемесине (М.К. Аттокуров), Ош шаардык билим берүү башкармалыгына (С.Ю. Аматова), Ош шаардык саламаттыкты сактоо координаторуна (Ш.Т. Абдурахманов), «Газпром Кыргызстан» жоопкерчилиги чектелген коомунун «Ошгаз» филиалына (Р.Б. Тагаев), «Ошшаарсууканал» муниципалдык ишканасына (Д.К. Кокочоров), Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасына (С.С. Мырзалиев), № 21 Жол тейлөө ишканасына (Ю.С. Камилов), "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасына (А.К. Большевиков), «Ош-Тазалык» атайын адистештирилген муниципалдык ишканасына (Н.Д. Исмаилов) жана "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасына (Абдилаким уулу Ж.) 2023/2024-жылдардагы күзгү-кышкы мезгилге даярдык көрүү иш-чараларын толугу менен аткарууну камсыз кылуу милдеттендирилсин.

3. Ош райондук электр тармактары ишканасы (А.К. Самидинов), Сулайман-Тоо райондук электр тармактары ишканасы (Д.М. Кадырбердиев), Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы жана муниципалдык аймактык башкармалыктар, "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасы менен биргеликте ток өткөрүүчү аба линияларына тоскоол болгон дарактардын бутактарын бутоо иштери тапшырылсын.

4. Көп кабаттуу үйлөрдөгү аварияларды ыкчам оңдоо максатында Ош шаардык электр энергиясын сатуу мекемесинде (М.К. Аттокуров), "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасында (Абдилаким уулу Ж.), Ош, Сулайман-Тоо райондук электр тармактары ишканалары менен биргеликте 24 саат бою иштөөчү нөөмөттүк топтор түзүлсүн.

5. Уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнө (Ө.А. Арзыкулов), муниципалдык аймактык башкармалыктардын башчыларына:

- көп кабаттуу үйлөрдү күзгү-кышкы мезгилге (эшик-терезелерин, батирлердин ички жылытуу тармактарын) даярдоо боюнча тийиштүү кызматтар менен биргеликте иш алып барылсын;

- жол боюнда башаламандыкка жол бербөө жана автотыгындарды жаратпоо максатында, көмүр сатуучу ишкерлер үчүн жол четинен башка жайларда көмүр сатуу пункттары уюштурулсун.

6. Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы жана муниципалдык аймактык башкармалыктары калк арасында кышка даярдык көрүү (отун, көмүр сатып алуу, эшик терезелерин жылуулоо ж.б.) боюнча ыкчам түрдө түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү күчөтүшсүн жана көмүр даярдоо боюнча тапшырманын аткарылуусун камсыз кылышсын.

7. «Газпром Кыргызстан» жоопкерчилиги чектелген коомунун «Ошгаз» филиалы (Р.Б. Тагаев) тарабынан жылытуу мезгилинде керектөөчүлөрдү жаратылыш газы менен тийиштүү көлөмдө камсыз кылынсын.

8. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Ош шаардык бөлүмү (Э.К. Мажитов) калкка сатылып жаткан көмүрдүн баасын көзөмөлгө алсын жана анын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

9. "Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасы (С.С. Мырзалиев), № 21 Жол тейлөө ишканасы (Ю.С. Камилов), "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасы (А.К. Большевиков), «Ош-Тазалык» атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы (Н.Д. Исмаилов) тарабынан жолдордогу карды күрөөчү атайын техникаларды, жол тайгактарына каршы себиле турган инерттик материалдарды жетиштүү көлөмдө даярдоо камсыз кылынсын.

10. Ош шаарынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күзгү-кышкы мезгилге даярдоонун жана жылытуу өнөктүгүн өткөрүүнүн жыйынтыгы үчүн тиешелүү мекемелердин, ишканалардын жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

11. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин орун басары С.К. Джунусбаевге жүктөлсүн.

**Мэр** **Б.Ж. Жетигенов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МЭРИЯ ГОРОДА ОШ
ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ КОНТРОЛЯ
ИНН 00506200210105